БЕКИТЕМИН

ФЮКтүн пед.кеңеши

__________ 2021-жыл

Протокол № ________

________ доц.,Н.Ж. Исаков

**Жалпы билим берүү программасы 080107 «Салык жана салык салуу»**

**адистиги үчүн**

**№1 Максат:**

Фундаменталдык, социалдык жана гуманитардык билимдердин негизинде студенттерде максаттуулук, ыйман-ынсаптуулук, сарамжалдуулук, сабырдуулук, патриоттуулук, коммуникабелдүүлүк, толеранттуулук, эрктүүлүк менен өз алдынча ой жүгүртүү, түшүнүү, пикир кылуу менен кесиптик сапаттарды калыптандыруу.

**№2 Максат**

Кыргыз Республикасынын Салык, Бажы, Жарандык Кодекстеринин жана физикалык, юридикалык жактарга салык салууну жөндөгөн Кыргыз Республикасынын нормативдик – укуктук актыларынын негизинде салык төлөөчүлөрдүн каржылык – чарбалык ишмердүүлүгүн талдоо, салык төлөөчүлөр менен иш алып барууну уюштура билүүсүн калыптандыруу.

**№3 Максат**

Университетте (колледжде) билим берүү процессинде калыптандырылган жалпы жана кесиптик компетенциялардын негизинде Кыргыз Республикасынын салык кызматынын ишмердүүлүгүндө кесиптик маселелерди ийгиликтүү чече алган орто кесиптик адистерди даярдоо.

**Окутуунун натыйжасы (ОН) ЖББП 080107-"Салык жана салык салуу"**

**$ОН_1$=($ЖК_1$-$ЖК_9$; $ККК_4$-$ККК_5$)**

**$ОН_1$**– Өзүнүн (келечектеги) кесибинин социалдык маанилүүлүгүн жана маңызын түшүнө алат, математикалык, табигый, гуманитардык жана

экономикалык илимдердин базалык жоболорун колдонуу менен кесиптик маселелерди чече алат жана өз билимин өз алдынча өркүндөтө алат.

**$ОН_2$=($ЖК_1$-$ЖК_9$; $ККК_1$-$ККК_3$-$ККК_5$)**

**$ОН_2$**- Илимдеги жаңы кубулуштардын социалдык-экономикалык, маданий жыйынтыктарын талдай жана баалай алат, өзүнүн оозеки жана жазуу кебин мамлекеттик, расмий тилде кура билүү жөндөмдүүлүгүнө ээ жана социалдык карым – катнаштын негизинде чет тилдердин бирин билет, "Манас" эпосунун ордун, маанисин түшүнөт, өзүнүн практикалык ишмердүүлүгүндө эпостун негизги идеяларын колдоно алат.

**$ОН_3$=($КК_{1.1}$-$КК_{1.4}$)**

**$ОН_3$** – Салык салуунун уюштуруучулук – методологиялык негиздерин практика жүзүндө колдоно алат, салыктын милдеттенмесинин келип чыгышын жана анын топтолуусун аныктай алат.

**$ОН_4$=($КК_{3.8}$-$КК_{3.10}$)**

**$ОН_4$** – Ишканаларга жана жеке ишкерлерге салык салуу боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, инструкциялык (көрсөтмө берүүчү) материалдарын билет, мыйзамда каралган жеңилдиктерди эске алуу менен мамлекеттик бюджетке алына турган салыктардын жана төлөмдөрдүн базасын аныктаганга жөндөмдүү.

**$ОН_5$=($КК_{4.11}$-$КК_{4.13}$)**

**$ОН_5$** – Салык мыйзамдарынын нормаларын практика жүзүндө колдонуунун негизинде салыктардын түрлөрү боюнча салык милеттенмелеринин эсептерин эсептеп чыгууга жана салык декларациясын толтурууга жөндөмдүү.

**$ОН_6$=($КК_{2.7}$ ; $КК_{3.10}$; $КК_{4.13}$)**

**$ОН_6$** - Бухгалтердик эсепти, ФОЭСти, финансылык отчеттордун формаларын билет, салык кызматындагы тиешелүү документтерди, түз жана кыйыр салыктардын отчетторун толтурууга жана текшерүүгө жөндөмдүү.

**$ОН_7$=($ЖК_4$; $КК_{4.12}$)**

**$ОН_7$** – Электрондук автоматташтырылган эсептин негизинде документтерди талдай алат, бюджетке түшкөн салыктар жана төлөмдөр боюнча отчет түзө алат.

**ОН$_{8}$=(КК$_{2.5}$-КК$_{2.7}$ ; КК$_{5.14}$- КК$_{5.16}$)**

**ОН$_{8}$** – Салык мыйзамдарындагы талаптардын аткарылышын көзөмөлгө алууга, салыктык текшерүүнүн жыйынтыгы менен акт жазууга, салык мыйзамдарынын нормаларын колдонуу менен салыктык - укуктук мамилелерди башкарууга жөндөмдүү.

**ОН$_{9}$=(ЖК$_{1}$, КК$_{1.1}$-КК$_{1.2}$; КК$_{5.16}$)**

**ОН$_{9}$** –Ишканалардын мүлктөрүн баалоо менен салыктарын аныктай алат.

**ОН$_{10}$=(КК$_{2.5}$; КК$_{3.8}$-КК$_{3.9}$; КК$_{4.11}$)**

**ОН$_{10}$**–Чарбалык субьекттердин ишмердүүлүгүн мүнөздөгөн экономикалык көрсөткүчтөрүнүн баштапкы маалыматтарын нормативдик – укуктук базалардын негизинде топтоого жана тескөөгө жөндөмдүү.

**ЖББПнын максаты жана жыйынтыгынын дал келүүсү**

| | 1-максат | 2-максат | 3-максат |
|---|---|---|---|
| ОН$_{1}$ | + | | |
| ОН$_{2}$ | + | | |
| ОН$_{3}$ | | + | |
| ОН$_{4}$ | | + | + |
| ОН$_{5}$ | | + | + |
| ОН$_{6}$ | | + | + |
| ОН$_{7}$ | + | + | |
| ОН$_{8}$ | | + | + |
| ОН$_{9}$ | | | + |
| ОН$_{10}$ | | + | + |

**Жалпы калыптандыруучу компетенциялар:**

ЖК 1. Өз ишин уюштура билүү, кесиптик тапшырмаларды аткаруунун ыкмаларын жана жолдорун тандоо, алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалай алат.

ЖК2. Көйгөйлөрдү чечүү, стандарттуу жана стандарттуу эмес кырдаалда чечимдерди кабыл алуу да, демилгелүүлүктү жана жоопкерчиликти көрсөтөт.

ЖК3.Кесиптик милдеттерди натыйжалуу аткаруу, кесиптик жана инсандык өнүгүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды чечмелөө менен колдоно алат.

ЖК4.Кесиптик иш-аракеттерде колдонууга маалыматтык-коммуникациялык менен технологияларды колдоно алат.

ЖК5.Командада иштей билүү жана кесиптештер, жетекчилик, кардарлары менен натыйжалуу баарлаша алат.

ЖК6.Тапшырманын натыйжасы үчүн топтун мүчөлөрүнүн (баш ийгендердин) иши жана аларды жумуш ордунда үйрөтүүсү менен жоопкерчиликти көрсөтө алат.

ЖК7.Жеке жана кесиптик өнүгүүнүздү башкаруу менен кесиптик иш-аракеттердеги эмгек шарттарынын жана технологиясынын өзгөрүүлөрүнө ылайыкташат.

ЖК8.Чакан командалар менен уюштуруу жана башкаруу ишине даяр болушат.

ЖК9. Коомдо кабыл алынган адеп-ахлактык жана укуктук ченемдердин негизинде социалдык жактан өз ара аракеттенүү, адамдарды урматтоону, башка маданиятка болгон чыдамдуулук менен өнөктөштүктү сактоо жана жарандык демократиялык коомдун баалуулуктарына негизделген диалогго даяр экендигин көрсөтө алат.

**Кесиптик иштин негизги түрлөрүнө туура келген кесиптик компетенттүүлүктөр:**

**1. Юридикалык жактардан (ишканалардан жана уюмдардан) жана жеке адамдардан салык жыйноо**

КК 1.1 Мыйзамга ылайык, уюштуруу-укуктук, методикалык жана нормативдик негиздерге таянуу менен салык салуу ишмердүүлүгүн жүргүзө алат.

КК 1.2 Салык мыйзамдарынын жана башка ченемдик укуктук актылардын ченемдерин практикада колдоно алат.

КК 1.3 Учурдагы салык мыйзамдарынын жана башка ченемдик укуктук актылардын негизинде Кыргыз Республикасынын аймагына ташылып келген товарлардан алынуучу кыйыр салыктарды кошо алганда, салыктын бардык түрлөрү боюнча салык базасын жана салык милдеттенмелеринин суммасын эсептөө боюнча кесиптик милдеттерин аткара алат.

КК1.4 Кесиптик маселелерди чечүү жана инсандык өсүү үчүн керек болгон руханий, кесиптик билимдерди жана көндүмдөрдү колдоно алат.

## 2. Салык мыйзамдарынын сакталышын контролдоо

КК2.5 Салык иш-аракеттерин жөнгө салуучу эрежелерди жана ченемдик укуктук актыларды жана салыктык укук мамилелерин башкарууда белгилүү бир салык ыкмаларын колдоно алат.

КК2.6 Салык мыйзамдарынын талаптарынын сакталышына салыктык контролду жүзөгө ашыра алат.

КК2.7 Салык контролунун натыйжаларын түзө алат.

## 3. Салык төлөөчүлөрдүн бардык категориялары боюнча салыктын толук жана өз убагында төлөнүшүн контролдоо

КК3.8 Юридикалык жактар жана жеке ишкерлер тарабынан бюджетке салыктардын толук жана өз убагында төлөнүшүн эсептөөнүн тууралыгын текшере алат.

КК3.9 Салык салынуучу базаны эсепке алуунун ишенимдүүлүгүн аныктоодо, киреше алган адамдарды аныктоо жана каттоо максатында юридикалык жана жеке жактарга контролдук текшерүүлөрдү жүргүзө алат.

КК3.10 Баштапкы бухгалтердик документтерди, аналитикалык салык регистрлерин текшерүү, алардын негизинде салык милдеттенмелеринин суммасын эсептей алат.

**4. Салыктардын жана башка төлөмдөрдүн келип түшкөндүгү жөнүндө отчетторду түзүү жана жогорку мамлекеттик органдарга иш боюнча отчетторду берүү.**

**КК4.11** Чегерилген жана алынган салыктардын, эсептешүүлөрдүн жана кайтарымдардын эсебин жеке эсеп карталарында, консолидацияланган реестрлерде, келип түшүүлөрдүн, чегерүүлөрдүн, кыскартуулардын жана кайтарып алуулардын жыйынды суммасын эсепке алуу китептеринде жүргүзө алат.

**КК4.12** Салыктардын жана башка төлөмдөрдүн келип түшкөндүгү жөнүндө отчетторду түзө алат.

**КК4.13** Идентификациялык салык номерин берүү менен юридикалык жана жеке жактарды салыктык жана бухгалтердик каттоонун жол-жобосун жүзөгө ашыра алат.

**5. Салык санкцияларын жана административдик айып пулдарды, салык мыйзамдарынын талаптарын аткарбаганы үчүн пайыздарды колдонуу**

**КК5.14** Салыктын, административдик укук бузуулардын түрлөрүн аныктайт жана белгилейт жана мыйзамдарды бузгандыгы үчүн жооп беришет.

**КК5.15** Бюджетке өз убагында төлөнбөгөн суммалар жана салык төлөөчүнүн салык милдеттенмесинен ашкан суммалар үчүн туумдарды, пайыздарды жана салык санкцияларын өндүрүп алышат.

**КК5.16** Конкреттүү практикалык кырдаалды талдоодо салык көйгөйлөрүн аныктоо, колдонуудагы салык мыйзамдарын эске алуу менен аларды чечүү жолдорун сунуштай алат.

**6. Кошумча колледждик компетенциялар**

**ККК-1** Өз оюн мамлекеттик жана расмий тилдерде логикалык жактан туура билдирип, сабаттуу жазуу, негизги кесиптик түшүнүктөрдү, терминдерди өздөштүрүү, адистик багытта сөздүк корун байытат.

**ККК-2** Социалдык баарлашуунун деңгээлинде чет тилдердин билет.

**ККК-3** Элдик оозеки чыгармачылыкта «Манас» эпосунун ордун, маанисин түшүнүү жана эпостогу идеяларды турмушта колдоно билет.

**ККК-4** Кыргызстандын жалпы тарыхый өнүгүсүнүн мыйзам ченемдүлүктөрүн жана анын дүйнөлүк тарыхтагы ордун аныктап анализдөө жөндөмдүүлүгүнө ээ болот.

**ККК-5** Табигый илимдердин жоболорун, концепцияларын өзүнүн кесиптик, тапшырмаларын чечүүдө колдоно билүү туура жашоо образын түзү жаратылыш ресурстарын рационалдуу пайдалана билет.

**ТАЛКУУЛАНДЫ:**

Бухгалтердик эсеп жана салык ПЦКнын 22.04.2021-жылындагы отурумунун №7 жыйынында каралды.

БЭжС бөлүмүнүн башчысы, окутуучу: Исаков К.А.

**МАКУЛДАШЫЛДЫ:**

Финансы жана банк иши, табият таануу жана товарларды экспертизалоо бөлүмүнүн башчысы, э.и.к., доцент: Абдырахманов О.Э.

Бухгалтердик эсеп жана салык ПЦКнын төрайымы, окутуучу : Стамбекова А.Н.

Физика, математика жана информатика ПЦКнын төрайымы, ф.м.и.к., доцент: Калдыбаева Г.А.

Жалпы билим берүү дисциплиналарынын тилдер ПЦКнын төрайымы, доцент: Абдувалиева Б.А.